## Мамлекеттик казына векселдеринин рыногу

*(2016-жылдын январь айы)*

**1-график. МКВга суроо-талап жана аларды жайгаштыруулар**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде өткөн айга салыштырмалуу Финансы министрлигинин мамлекеттик казына векселдеринин (мындан ары - МКВ) жарыяланган эмиссиясынын көлөмү 377,0 млн сомду түзүү менен 49,1 пайызга төмөндөтүлгөн.

Финансы рыногунун бул сегментинде коммерциялык банктардын жигердүүлүгүн жогорулатуу алкагында суроо-талап көлөмү ай ичинде 5,5 пайызга, 155,8 млн сомго чейин көбөйгөн. Мында, 12 айлык МКВлардын сатылышы 20,5 пайызга 95,8 млн сомго чейин көбөйгөн, 6 айлык МКВлардын сатылышы 11,9 пайызга, 60,0 млн сомго чейин төмөндөгөн, ал эми 3 айлык векселдер кароого алынып жаткан мезгил ичинде катышуучулар тарабынан суроо-талапка ээ болгон эмес.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде МКВлардын бардык түрлөрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү ай ичинде 1,2 пайыздык пунктка жогорулоо менен 14,7 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. 6 айлык баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү 14,0 пайызды (+0,8 п.п.), ал эми 12 айлык баалуу кагаздардын – 15,2 пайызды (+1,5 п.п.) түзгөн.

**2-график. МКВ аукциондорунун көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Бюджет тартыштыгынын таза каржылоо өлчөмү кароого алынып жаткан ай ичинде (-) 102,9 млн сом өлчөмүндө калыптанган. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Финансы министрлиги тарабынан 242,0 млн сом (-13,8 пайыз) суммасында мурда эмитирленген МКВлардын орду жабылган.

**3-график. МКВларды сатуу көлөмүнүн динамикасы**




Жыл башындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырмалуу кароого алынып жаткан мезгил ичинде жүгүртүүдө МКВлардын көлөмү 3,2 млрд сомго (-4,9 пайыз) чейин төмөндөгөн: МКВлардын негизги ээлик кылуучуларынын – коммерциялык банктардын үлүшү 1,3 пайыздык пунктка, 53,1 пайызга чейин төмөндөгөн. Институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы 46,5 пайызды (+1,3 п.п.), юридикалык жактардын – резиденттердин – 0,4 пайызды түзгөн (жыл башынан тартып өзгөргөн эмес).

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда МКВлар менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

%

| Мезгил аралыгы | Орточо салмактан ып алынган | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Январь'2015 | 11,3 | 4,6 | 11,2 | 11,5 |
| Февраль | 12,0 | - | 11,7 | 12,0 |
| Март | 12,9 | - | - | 12,9 |
| Апрель | 12,8 | - | 11,9 | 13,1 |
| Май | 12,7 | - | 11,9 | 13,2 |
| Июнь | 13,0 | - | 11,8 | 13,2 |
| Июль | 13,1 | - | 12,0 | 13,2 |
| Август | 12,9 | - | 12,0 | 13,1 |
| Сентябрь | 12,9 | - | 12,2 | 13,2 |
| Октябрь | 12,8 | - | 12,4 | 13,6 |
| Ноябрь | 13,4 | 11,5 | 12,7 | 13,6 |
| Декабрь | 13,5 | - | 13,2 | 13,7 |
| Январь'2016 | 14,7 | | 14,0 | 15,2 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*

**2-таблица. МКВ кармоочулардын номиналдык нарк боюнча түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвестор. | | Резидент жеке адамдар | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.02.2015 | 3 084 670,0 | 1 763 575,4 | 57,2% | 1 289 968,7 | 41,8% | 1 000,0 | 0,0% | 30 125,9 | 1,0% |
| 01.03.2015 | 3 016 170,0 | 1 771 153,2 | 58,7% | 1 213 890,9 | 40,2% | 1 000,0 | 0,0% | 30 125,9 | 1,0% |
| 01.04.2015 | 3 045 170,0 | 1 737 808,8 | 57,1% | 1 281 075,3 | 42,1% | 1 000,0 | 0,0% | 25 285,9 | 0,8% |
| 01.05.2015 | 3 087 710,0 | 1 579 420,3 | 51,2% | 1 491 149,7 | 48,3% | 1 000,0 | 0,0% | 16 140,0 | 0,5% |
| 01.06.2015 | 3 066 260,0 | 1 559 035,7 | 50,8% | 1 490 034,3 | 48,6% | 0,0 | 0,0% | 17 190,0 | 0,6% |
| 01.07.2015 | 3 398 360,0 | 1 675 842,8 | 49,3% | 1 697 227,2 | 49,9% | 0,0 | 0,0% | 25 290,0 | 0,7% |
| 01.08.2015 | 3 580 210,0 | 1 871 881,5 | 52,3% | 1 681 413,5 | 47,0% | 0,0 | 0,0% | 26 915,0 | 0,8% |
| 01.09.2015 | 3 925 210,0 | 2 087 081,8 | 53,2% | 1 804 663,2 | 46,0% | 0,0 | 0,0% | 33 465,0 | 0,9% |
| 01.10.2015 | 3 893 960,0 | 2 032 681,8 | 52,2% | 1 827 363,2 | 46,9% | 0,0 | 0,0% | 33 915,0 | 0,9% |
| 01.11.2015 | 3 789 040,0 | 1 956 331,8 | 51,6% | 1 798 793,2 | 47,5% | 0,0 | 0,0% | 33 915,0 | 0,9% |
| 01.12.2015 | 3 514 990,0 | 1 899 330,4 | 54,0% | 1 582 794,6 | 45,0% | 0,0 | 0,0% | 32 865,0 | 0,9% |
| 01.01.2016 | 3 353 030,0 | 1 825 700,7 | 54,4% | 1 513 964,3 | 45,2% | 0,0 | 0,0% | 13 365,0 | 0,4% |
| 01.02.2016 | 3 188 300,0 | 1 692 770,7 | 53,1% | 1 482 164,3 | 46,5% | 0,0 | 0,0% | 13 365,0 | 0,4% |